Алтымыш негизги мектебинин тамеки чегүү, наркомания, алкоголизм боюнча иш- чараларга маалымат.

Алтымыш негизги мектебинде жашоонун сейрек образы тууралуу жыл ичинде пропаганда иштери жүрүп турат.

Класс жетекчилер жана усулдук бирикменин жетекчилери менен бирге жогоруда аталган иш-чарага жалпы мектепке план иштелип чыгып , ошол пландын негизинде ар бир класс жетекчилер өз класстары менен планга ылайык өз иштерин жүргүзүштү.

Алтымыш негизги мектебинин информатика мугалими Орозалиева Динара 5-9 класстарында “Чылым чегүүбү же ден соолукпу?” , “Насвайдын курамы” аттуу видеофильм көрсөттү .

Башталгыч класстардан баштап чоң класстарда ар бир класс жетекчилер “ Тамеки түтүнүнүн курамы жана чылым чегүүдөн пайда болгон оорулар”, “ Никотинге көз карандылык – бул оору” деген темаларда ачык класстык тарбия сааттар өткөрүлүүдө.

Биздин мектепте “ Чебер колдор”, “ Тогуз коргоол”, “Менталдуу арифметика” кружокторy ачылып отузга жакын окуучулар ал кружокторго катышып жатышат.

Алтымыш негизги мектебинин сүрөт мугалими Сарыбаев Сагынбек “Жаштар наркотиктерге каршы “ деген темада плакат жана сүрөт конкурсун уюштурду, женүүчүлөргө мектеп администрациясы тарабынан сыйлоо баракчалары берилди.

“Досума кат: канткенде наркоман болбойбуз” аттуу темада сочинение конкурсу кыргыз тил мугалими Тотуева Анара тарабынан өткөрүлдү.

5-9класстарынын арасында “Насвай жана ден соолук дал келишпейт” деген плакатты пайдалануу менен маалыматты талкулоо үчүн окуучулар менен тегерек стол өткөрүлдү.

Мектеп директору: Джусупова Н.С.